## ТӨРТҮНЧҮ ЧЕЙРЕК ЖАНА 2017-ЖЫЛДЫН

# ЖЫЙЫНТЫКТАРЫ

KUMTOR КУМТОР

centerra GOLD

**17 503 кг**
**алтын өндүрүлдү**



**17 111 кг**
**алтын сатылды**



2017-жылы «Кумтөр» кенинде 562 749 унция[1] же 17 503,46 кг алтын өндүрүлдү. «Кумтөрдүн» мамлекеттик бюджетке салыктар жана милдеттүү төлөмдөр түрүндөгү 2017-жылдагы салымы 8,7 миллиард сомдон ашты.

| *Башкасы берилбесе, млн USD менен*[3] | VI чейрек 31-декабрга карата | | | 12 ай 31-декабрга карата | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | 2017 | 2016 | % өзгөрүү | 2017 | 2016 | % өзгөрүү |
| Алтынды «Кыргызалтынга» сатуудан түшкөн жалпы каражат (млн USD)[2] | 228,1 | 231,1 | (1%) | 685,2 | 683,4 | 0% |
| Сатып өткөрүлгөн продукциянын[4] өздүк наркы (млн. USD) | 84,7 | 103,0 | (18%) | 291,7 | 347,4 | (16%) |
| Сатып өткөрүлгөн продукциянын[4] өздүк наркы (унциясына USD) | 468 | 537 | (13%) | 530 | 636 | (17%) |
| Тоо-кен иштеринин көлөмү (миң тонна) | 50 770 | 35 543 | 43% | 181 878 | 144 399 | 26% |
| Казылып алынган руданын көлөмү (миң тонна) | 2 607 | 223 | 1068% | 5 084 | 8 911 | (43%) |
| Рудадагы алтындын орточо курамы (г/т) | 2,30 | 8,62 | (73%) | 2,12 | 3,45 | (39%) |
| Фабрикага берилүүчү рудадагы алтындын орточо курамы (г/т) | 3,76 | 4,71 | (20%) | 3,58 | 3,44 | 4% |
| Кайра иштетилген руданын көлөмү (миң тонна) | 1 668 | 1 581 | 6% | 6 146 | 6 303 | (1%) |
| Алтынды ылгап алуу коэффициенти (% менен) | 80,4% | 83,5% | (4%) | 79,1% | 79,2% | (0%) |
| Тоо-кен иштерине жумшоолор (тоннасына USD) | 1,08 | 1,24 | (13%) | 1,10 | 1,27 | (13%) |
| Кайра иштетүүгө жумшоолор (тоннасына USD) | 9,16 | 9,37 | (2%) | 10,69 | 9,87 | 8% |
| Өндүрүлгөн алтын (унция менен)[1] | 158 165 | 200 762 | (21%) | 562 749 | 550 960 | 2% |
| Өндүрүлгөн алтын (кг менен) | 4 919,49 | 6 244,40 | (21%) | 17 503,46 | 17 136,78 | 2% |
| Сатып өткөрүлгөн алтын (унция менен)[1] | 180 703 | 191 842 | (6%) | 550 134 | 546 242 | 1% |
| Сатып өткөрүлгөн алтын (кг менен) | 5 620,50 | 5 966,96 | (6%) | 17 111,09 | 16 993,15 | 1% |
| Сатып өткөрүүнүн орточо баасы[4] (унциясына USD) | 1 262 | 1 206 | 5% | 1 245 | 1 251 | (0%) |
| Капиталдык жумшоолор (негизги фондуларды колдоого)[4] (млн USD) | 16,5 | 11,5 | 44% | 60,6 | 61,0 | (1%) |
| Капиталдык жумшоолор (өнүктүрүүгө)[4] (млн USD) | 7,1 | 1,4 | 399% | 18,1 | 14,8 | 23% |
| Капиталдык жумшоолор (кыртыш ачуу иштерине)[4] (млн USD) | 24,4 | 42,9 | (43%) | 149,4 | 100,5 | 49% |
| Капиталдык жумшоолор (кыртыш ачуу иштерине)[4] | 7,5 | 15,4 | (52%) | 50,9 | 36,2 | 40% |
| Капиталдык жумшоолор (жалпы) | 55,5 | 71,2 | (22%) | 279,0 | 212,5 | 31% |
| Операциялык жумшоолор (сатып өткөрүүнүн негизинде)[4] | 44,9 | 43,1 | 4% | 146,0 | 167,4 | (13%) |
| Негизги фондуларды колдоого жалпы жумшоолор[4] (салыктарды кошкондо) | 95,1 | 103,1 | (8%) | 383,9 | 349,2 | 10% |
| Түзөтүлгөн операциялык жумшоолор (унциясына USD) | 297 | 253 | 18% | 313 | 342 | (8%) |
| Сатып өткөрүүнүн негизиндеги операциялык жумшоолор (унциясына USD)[5] | 249 | 224 | 11% | 265 | 306 | (13%) |
| Өндүрүштү колдоого жалпы жумшоолор[4] (унциясына USD) | 526 | 538 | (0%) | 698 | 640 | 9% |
| Өндүрүштү колдоого жалпы жумшоолор салыктарды кошкондо[4] (унциясына USD) | 704 | 707 | (0%) | 874 | 815 | 7% |

1 - Маалымат үчүн: троялык унция = 31,10348 грамм.

2 - Башкасы көрсөтүлбөсө, бардык акчалай суммалар АКШ долларында келтирилген.

3 - Тегерекөөлөрдөн улам айрым цифралар дал келбеши мүмкүн

4 - «Түзөтүлгөн операциялык жумшоолор», «Өндүрүштү колдоого жалпы жумшоолор», салыктарды эсепке алган жана албаган «Бардык жумшоолор», доллар менен сатып өткөрүлгөн бир унцияга, «Сатып өткөрүлгөн продукциянын орточо баасы» менен «Сатып өткөрүлгөн продукциянын өздүк наркы» сатылган унцияга кайра эсептөөлөрдөгү, Капиталдык жумшоолор (негизги фондуларды колдоого жана өнүктүрүүгө), Операциялык жумшоолор (сатып өткөрүүнүн негизинде), Бухгалтердик эсептин жалпы кабыл алынган көрсөткүчтөрүнө кирбейт жана Центерранын 2018-жылдын 23-февралындагы пресс-релизинде «Non-GAAP Measures» бөлүмүндө баяндалат.

5- Операциялык жумшоолор (сатып өткөрүүнүн негизинде) өзүнө кендин иштешин камсыздоочу акчалай чыгымдарды: тоо-кен иштеринин наркын, жергиликтүү башкаруу чыгымдарын, роялтини жана жер казынасын эксплуатациялоого салыктарды (мунун кумтөргө тиешеси жок, анда дүң кирешеге салык эсептелет) камтыйт, бирок жешилүүгө, кунарсызданууга жана амортизацияга которууларды камтыбайт.

**«Кумтөр» кенинде өндүрүлгөн Доре куймаларын КГК, «Кыргызалтын» ААКы жана КР Өкмөтү ортосунда түзүлгөн алтын жана күмүштү сатып өткөрүү жөнүндө макулдашууда каралгандай, Кара-Балта ш. аффинаждык ишканада кайра иштетүү үчүн «Кыргызалтын» сатып алат. Аффинаждалган алтын менен күмүштү КРдин аймагында жана анын сыртында сатып өткөрүү укугуна жалгыз "Кыргызалтын" ААК гана ээ.**



### Кумтөрдүн Кыргыз Республикасынын макроэкономикалык көрсөткүчтөрүнө таасири

Улуттук статистика комитетинин алдын ала маалыматы боюнча:

«Кумтөрдүн» өлкө ИДПсындагы 2017-жылдагы үлүшү **9,7%**

«Кумтөрдүн» өнөр-жай өндүрүшүнүн жалпы көлөмүндөгү үлүшү **21,1%**

## 2017-жылдын IV чейрегинде бюджетке төлөмдөр **$27 649 332**



## Операциялык жумшоолор **$44,9 млн**



### «Кумтөр» долбоору боюнча 2017-жыл ичинде салыктар жана милдеттүү төлөмдөр

| 2017-ж. 31-декабрга карата | USD | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | 3-чейрек 2017 | 4-чейрек 2017 | 3-чейрек 2017 | 4-чейрек 2017 | Бардыгы |
| Дүң кирешеге салык | 23 168 141 | 27 041 241 | 22 671 153 | 20 668 944 | 93 549 480 |
| Ысык-Көл облусун өнүктүрүү фондуна салым | 1 389 468 | 2 472 792 | 1 743 935 | 822 612 | 6 429 807 |
| Экологиялык төлөм | 310 000 | - | - | - | 310 000 |
| Кызматкерлердин кирешесине салык | 1 245 567 | 1 173 336 | 987 757 | 1 186 260 | 4 592 921 |
| КРнын Социалдык фондуна төлөмдөр | 5 673 426 | 4 984 932 | 4 811 394 | 4 579 019 | 20 048 771 |
| Бажы төлөмдөрү | 148 828 | 139 379 | 95 362 | 93 163 | 476 732 |
| Резидент эместердин кирешесине салык | 168 592 | 152 640 | 84 533 | 156 892 | 562 657 |
| Башка салыктар жана милдеттүү которуулар | 114 487 | 236 483 | 62 131 | 142 441 | 555 542 |
| **Бардыгы** | **32 218 509** | **36 200 803** | **30 456 265** | **27 649 332** | **126 524 909** |
| Чейрек соңуна карата АКШ долларынын КРнын сомуна карата расмий курсу | 68,6069 | 69,1367 | 68,6585 | 68,8395 | - |
| Төлөмдөрдүн эквиваленти сом менен | **2 210 412 018** | **2 502 804 052** | **2 091 081 501** | **1 903 366 178** | **8 707 663 748** |

*- Тегерекөөлөрдөн улам айрым цифралар дал келбеши мүмкүн

**Эскертүү**: 2009-жылдын 24-апрелиндеги «Кумтөр» долбоору боюнча жаңы шарттар жөнүндө макулдашууга ылайык, дүң киреше салыгын жана Ысык-Көл облусун өнүктүрүү фондуна салымды эсептөө үчүн негиз катары көрсөтүлгөн мезгилдеги продукцияны сатуудан түшкөн иш жүзүндөгү акча каражаты саналат.

### Комментарий

«Центерра Голд» компаниясынын Президенти жана Башкы кызмат адамы **Скотт Перри** төмөнкүнү белгиледи: «Мен сатып өткөрүлгөн продукциянын 1 унциясына кайра эсептегенде жана коштоочу продуктыны эсепке алуу менен унциясына 688 доллар көлөмүндө жалпысынан 785 316 унция көлөмүндөгү алтын өндүрүү боюнча пландык тапшырманы аткаргандыгыбыз жөнүндө билдирүүгө кубанычтамын, бул 2017-жылга алдын-ала каралган пландаштырылган минимумдан төмөн. Бул «Кумтөр» негизги фондуларды кармап турууга пландаштырылган минимумдан төмөн жалпы чыгымдарда алтын өндүрүү боюнча пландуу көрсөткүчтү ашыра аткарган дагы бир ийгиликтүү жыл болду. Мисалы, 2017-жылы ал сатып өткөрүлгөн продукциянын 1 унциясына кайра эсептегенде жана коштоочу продуктыны эсепке алуу менен унциясына 698 доллар көлөмүндө жалпысынан 562 749 унция алтын өндүргөн».

KUMTOR
КУМТОР

**Кумтөр кен ишканасы** Кыргыз Республикасында жайгашып, Борбор Азиядагы батыш компания башкарган эң ири алтын кен. 1997-жылдын май айында өнөр-жайлык өндүрүш башталгандан тартып 2017-жылдын 31-декабрына чейин Кумтөрдө жалпысынан **11,5 млн унция** же **357 тонна алтын** өндүрүлгөн.

«Кумтөр Голд Компани» бүтүндөй өндүрүштүк цикл үчүн жооптуу «Кумтөр» долбоорунун оператору.



centerra GOLD

**«Центерра»** Түндүк Америкада, Азияда жана дүйнөнүн башка рынокторунда алтын кендерин алуу, чалгындоо, кайра иштетүү жана эксплуатациялоо менен алектенген алтын өндүрүүчү канадалык компания. «Центерранын» эки негизги активи - Кыргыз Республикасында «Кумтөр» алтын кени жана Канаданын Британ Колумбия провинциясындагы «Маунт Миллиган» алтын жана жез кени бар. «Центерра» Борбор Азиядагы эң ири батыш алтын өндүрүүчү. «Центерра» акциялары Торонто фондулук биржасында (TSX) CG символунда жүгүртүлөт. Компания Торонто шаары, Онтарио штаты, Канадада жайгашкан.

Кыргыз Республикасы «Кыргызалтын» ААКы аркылуу «Центерра» акцияларынын эң ири үлүшүнүн - **77 401 766 акциясынын** кармоочусу. 2018-жыл, 14-мартка карата Кыргызстан акциялар үлүшүнүн наркы **425 млн доллардан ашты.**

«Центерра» жөнүндө кошумча маалымат жана пресс-релиз толугу менен SEDAR системасында www.sedar.com жана www.centerragold.com жана www.kumtor.kg корпоративдик сайттарда.